# ПЕСТИЦИДДЕР МЕНЕН ИШТӨӨДӨ ТОБОКЕЛДИКТЕР




## Пестициддер деген эмне?

Пестициддер уулуу жана Сиздин ден соолугуңуз үчүн абдан зыян болушу мүмкүн. Пестициддерге зыянкечтерди жок кылуу үчүн каражаттардын кеңири спектри, анын ичинде инсектициддер, гербициддер, фунгициддер жана родентициддер кирет.

Пестициддерди так багыты боюнча, минималдуу керектүү өлчөмдө жана химиялык коргоо каражаттарын агротехникалык, биологиялык жана экологиялык каражаттар менен алмаштырууга мүмкүн болбогон жерлерде гана пайдалануу керек.







## Пестициддерди сатып алууда

1. Колдонуу, коопсуздук чаралары, өлчөмдөө жана биринчи жардам көрсөтүү боюнча нускамаларды ар дайым аткарыңыз.
2. Этикеткасы жок же Сизге түшүнүксүз тилдеги этикеткалары бар пестициддерди сатып албаңыз.
3. Оригиналдуу бузулбаган таңгактагы гана пестициддерди сатып алыңыз.

## Пестициддерди колдонууда ден соолугуңузду сактаңыз

- Пестициддерди жакшы желдетилген жайда аралаштырып жана жеке коргонуу каражаттарын пайдаланыңыз.
- Пестициддерди пайдалангандан кийин тамактануу, тамеки тартуу же даараткантага баруу алдында бетти жана колду самындан жакшылап жууңуз.
- Пестициддерди минералдык жер семирткичтер, тамак-аш азыктары, жем, чөп менен бирге бир кампанын ичинде сактоого тыюу салынат.
- Пестициддерди балдар жана үй жандыктары жетпей турган жайда сактагыла!
- Пестициддерден калган бош контейнерлер жуугандан кийин дагы кооптуу. Эч качан бул контейнерлерди тамак-аш азыктары үчүн кайталап колдонбоңуз, балдар жеткен жерде калтырбаңыз. Аларды утилдештирүүдөн мурда ар дайым үч ирет жууп, тешип салуу керек
- Коркунучту эскертүү үчүн «Кооптуу! Пестицид чачылган» деген тактачаны орноткула.







## Уулануунун биринчи белгилеринде:

1. Териге тийип кеткенде — аккан суу же күчтүү эмес сода эритмеси менен жууңуз.
2. Каражат көзгө кирип кеткенде — көздү 15 мүнөт аккан суу менен жууңуз, көздү ачык кармоого аракет кылып жууңуз.
3. Ингаляциялык ууландууда — жабырлануучуну болушунча тезирээк кооптуу зонадан таза абага чыгаруу керек.
4. Химиялык заттар менен иштеген соң, өзүңүздү начар сезсеңиз, доктурга кайрылыңыз жана сөзсүз кайсы зат менен иштегениңизди айтыңыз.
5. Эгерде жабырлануучу эсин жоготсо — кустурууга же ооз аркылуу бир нерсе киргизүүгө аракет кылбаңыз. Дароо дарыгерге кайрылыңыз!








## Ууланату белгилери

- жаш агуу;
- баш оору, баш айлануу;
- алсыроо же реакциянын жайлашы;
- ашыкча тердөө, чыйрыгуу;
- шилекей агуу же суусоо;
- көкүрөктүн оорушу, дем алуунун кыйындашы;
- булчуңдардын карышуусу же тырышуу;
- көңүл айнуу, кусуу.



МПРЭТН gef UNEP ОРХУС ЭКОИС БИШКЕК